УДК: 809.1

Садыров М.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ДАЙЫРБЕК КАЗАКБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЧЫЙЫРЫ

Кыргыз элинин белгилүү жазуучусу, сынчысы, философия илимдеринин кандидаты Д.Казакбаев «Мүдөө», «Талаа ырдайт», «Таазим», «Улар үнү», «Айдынкөлдүн аккуусу», «Эки том жол», «Чак түштөгү азгырык», «Өрттөлгөн өмүр» ж.б. чыгармалар жыйнагынын автору. Философия, эстетика жана адабияттаануу боюнча бир катар илимий эмгектерди жазган. Жазуучунун айрым чыгармалары казак,өзбек, орус, украин, англис ж.б. тилдерге которулган.

Д.Казакбаевдин «Мүдөө» аттуу алгачкы чыгармалар жыйнагы 1968–жылы жарык көрөт. Жаш калемгердин бул жыйнагына анын тунгуч аңгемелери жана «Мүдөө» деген чакан повести киргизилген.

Чыгармачылыкка жаңыдан гана кадам таштаган жаш калемгердин «Жаңырык», «Күзгү», «Доктордун ууланышы», «Түш» ж.б. аңгемелеринде айыл жергесиндеги балалык кыялга толгон түрдүү окуялар сүрөттөлүп, жазуучунун кечээки эле бала чагынан элес берип, окурмандын көз алдына тартылат. Анын алгачкы чакан чыгармаларында жаратылган Мурат, Мамбет, Келин, Бала ж.б. аруу сезим кейипкерлери, жаш автордун балачак турмушунан чыккан, ойдон чыгарылбаган сүйкүмдүү каармандары эле. Мындай карап көрсөк, бул чакан аңгемелердин аталыштары ар түрдүү көрүнгөнү менен алардын темасы бирөө гана. Ал кыялкеч сезимге толгон, өз окурмандарына алгачкы собол таштап, адабияттын босогосун жаңы аттап, чыгармачылыктын сапарына аттанган жаш калемгер Дайырбек Казакбаев болчу.

Д. Казакбаев алгачкы эле чыгармаларында турмуштук тематикаларды өзү менен бирге ала жүрүп, тажрыйбалык жактан балакатка жетип, өсүп калгандыгын анын «Мүдөө» аттуу повесттинен эле байкоого болот. Жаш калемгердин алгачкы повести экендигине карабай, автор өзүнүн бул чакан чыгармасында балалык мекени болгон айыл жергесинен чоң калаага аттанып, студенттик турмуштун шарданына түшүп, кыялында окуйм деген тилеги орундалып «мүдөөсүнө» жеткен айылдык жигит Тоотайдын тегерегинде окуя өнүгөт. Мындай карап көргөндө Д.Казакбаевдин алгачкы жыйнагындагы чыгармаларынын жалпы окуясы жаш автордун «балалык университетинин» каармандары экендигинен кабар берет. Ошентип, Д.Казакбаевдин «Мүдөө» жыйнагынын жарыкка чыгышы анын өз окурмандарынын алдындагы жазуучулук бетачары болуу менен бирге жаш калемгердин али алдыдагы чыгармачылык «мүдөөсү» да болучу.

Адабиятка дилетант катары кирген жаш авторлор үчүн турмуштун ар түрдүү татаал кырдаалдарын, анын терең сырларын ачып берүү калемгерлердин көпчүлүгүнө мүнөздүү эмес. Жаш калемгердин чыгармаларында көбүнесе психологизмдик жүктү көтөрүп жүрбөгөн, жалпысынан түрдүү сезимдердин жетегинде жүргөн каармандар сүрөттөлөт. Чыгармачылыкка жаңы аттанган көркөм баяндоочу (автор) өзүнүн ыймандай сырын биринчи кезекте кимдер менен бөлүшүкүсү келет деген суроо келип чыкпай койбойт. Мындайча айтканда, анын эң кымбат, эч кимге айтпас тун сырларын бири-бири менен бөлүшүшкөн каармандар болуп эне-бала эсептелет.

Жаш калемгердин алгачкы делинген кайсы гана чыгармасын албайлы, көбүнесе автордун образын чагылдырган өзүмдүк (лирикалык) каармандардан түзүлөт. Алсак, жаш авторлордун алгачкы чыгармаларында айлана-чөйрөгө, турмушка болгон өзүмдүк көзкараштары берилип, аларды өзгөчө автордун образында берүүгө жакын болушат.

Ал эми жаш автордун өз дүйнөсүнөн сырткары чыккан алгачкы кадамы, өзүн ушул дүйнөнүн жарыгын көрсөткөн эң жакын адамы болгон эненин образын жаратууга далалат кылат. Эне-бул баланын жүрөгүндө алгач тартылган образ болгондуктан, жаш калемгердин да өзүнө эң жакын турган образдын бири да ушул. Ошого байланыштуу Д.Казакбаевдин экинчи жыйнагы болгон «Талаа ырдайтта» автордун негизги каарманы эненин образы сүрөттөлөт. Анын «Эне менен бала», «Күкүк», «Талаа ырдайт» ж.б. аңгемелери жогорудагы сөзүбүздүн түздөн-түз далили боло алат. Анткени ар бир баланын эң алгачкы досум деп эсептеген адамы – эне болот эмеспи.

Д.Казакбаевдин «Мүдөө» деп аталган биринчи жыйнагында жана андан кийин жарык көргөн «Талаа ырдайт» жыйнагындагы чакан аңгемелериндеги каармандардын образдарын түзүп берүү маселелерине азыноолак токтоло турган болсок, «Мүдөө» повесттиндеги жалпы эле кейипкерлердин, анын ичинен балдардын образдарына кайрылсак, алардын али өз алдынча мүнөзгө ээ боло элек кылык-жоруктарына күбө болсок, ал эми «Талаа ырдайттагы» балдардын

(Самат, Багдан, Айгүл, Медер ж.б.) образдар тилкеси алардын ар биринин мүнөздөрү, энеге, улууларга, курбалдаштарга, турмушка болгон көзкараштары калыптанып, өздөрүнүн жекече мүнөздөрүнө ээ экендиктерин байкоого болот. Мисалы, «Эне менен бала» аңгемесиндеги Саматтын, «Талаа ырдайттагы» Багдандын же «Таарынычтагы» Медердин образдарына көңүл бурсак, алардын бир нерсеге карата чечим кабыл алардан мурда ойлонуп, турмушка чоң кишилердей мамиле кылуу менен бирге өздөрүнө гана тиешелүү мүнөздөрдө ой жүргүзүшөт. Бул болсо жаш калемгердин көркөм чыгармачылык тажрыйбасынын өсүп калгандыгын эле билдирбестен, ошондой эле адабият майданына дагы бир келечектүү жаш сүрөткердин келгендигин белгилеген эле. Мындайча айтканда, Д.Казакбаевдин бул өңдүү алгачкы чыгармаларындагы эненин образы, баланын образы болобу каармандардын мүнөздүк тилкелерине кайрылганыбызда алардын жалпылыктан жекеликти көздөй сапаттык жактан өскөндүгүн байкоого болот. Албетте бул маселенин эки жагы бар экендигин да танууга болбойт. Алсак, автор өзүнүн аңгемелеринде түзүп берген образдардын мүнөздүк жактан көбүнесе окшоштуктарда болушу биринчи кезекте жазуучулук чеберчиликтин маселелерине байланыштуу болсо, экинчиден, Д.Казакбаевдин бир каарманы экинчи бир чыгармасында ошол эле образда автор тарабынан акыл-эстүү түрдө пайдаланылат. Сөзүбүз куру болбосун үчүн жазуучунун кийинки «Улар үнү» деген ат менен жарыкка чыгарган чыгармасын алалы . Д.Казакбаевдин Улар үнү жыйнагын колго алуу менен жазуучунун чыгармачылыгынын ар түрдүү жагдайларына токтолууга мүмкүнчүлүк алабыз. Атап айтканда, жазуучу өзүнүн кезектеги жыйнагы аркылуу турмушка ар түрдүү ракурстан туруп карап, анын чыгармалары жанрдык жактан байыгандыгы, турмушту көркөм сүрөттөөдө чеберчиликтин калыптанып өнүгүү алгандыгынын белгиси эле. Алсак, автордун «Талаа ырдайт» аңгемесиндеги Багдан, Орунгүл сыяктуу каармандар «Улар үнү» повестинде да калтырылып, негизги образдар катары сүрөттөлүшөт. Бул жерден көңүлгө алып койчу бир нерсе, Д.Казакбаевдин аңгемелери болобу, повесттери болобу алар көлөмдүк жактан чакан чыгармалардан экендигинде.

Эгерде, кыргыз адабиятынын 70-80- жылдардагы аңгеме, повесть жанрларынын жалпы контексттине көңүл бура турган болсок, бул мезгилдерде кыргыз повести романдашкан жанрдык касиетке ээ болгондугун көрүүгө болот. Бул болсо адабий жанрларга авторлор жанрдык контексттен туруп мамиле кыла баштагандыгынын далили болчу. Тагыраак айтканда, кыргыз аңгемелери, повесттери, романдары турмуштук окуяларды сүрөттөп берүүдө өздөрүнүн жанрдык чектерин белгилеп, мазмундук жактан болгон өз алдынчалыктарын толук түрдө ээлеген эле. Мунун далили катары кыргыз прозалык адабиятынын 20-30-жылдардагы жана 40-50-жылдардагы чыгармачылык процессине көңүл бурсак, ал учурда жарык көргөн бир катар чыгармаларды жанрдык жактан так белгилөө кыйынчылыкка турарын танууга болбойт. Маселен, К.Баялиновдун «Ажарын» бири аңгеме десе, экинчиси повестке кошот, ал эми М.Элебаевдин «Узак жолун» бирөөлөр повесть, экинчилери роман деп эсептешет.

Ал эми Д.Казакбаевдин чыгармачылыгына кайрылганыбызда ал өзүнүн аңгемелери болобу, повесттери болобу аларды жазуучу жанрдык жактан так белгилеп берүүгө жетишкендигин көрөбүз. Сөзүбүздүн ынанымдуу далили катары жазуучунун өзүбүз сөз кылып жаткан Улар үнү жыйнагына киргизилген «Эрегиш», «Жышаан», «Жашоо кайрыктары» сыяктуу бир катар чакан аңгеме, этюддары тууралуу сөз кылууга болот. Алсак, жазуучу өзүнүн бул жыйнагына киргизген «Эрегиш» аңгемесинен Д.Казакбаевдин чыгармачылыганда буга чейин салттуу түрдө чагылып келген элет, шаар ж.б. ушул өңдүү күнүмдүк турмуш окуялары чагылып келсе, автордун бул чыгармасы белгилүү немец жазуучусу О.Генринин таасири астында жазылгандыгы атайы белгиленип, кезегинде окурман жазуучунун стилине мүнөздүү болбогон окуяларга күбө боло алат. Албетте бул жерден акыйкат үчүн белгилеп койчу бир нерсе, кандай гана адам болбосун тажрыйбага ээ болууда адабияттын алдыңкы өкүлдөрүнүн чеберчиликтерине таянып, кезегинде аларга таасирленбей койбойт. Жазуучунун бул чыгармасы таасирленүүнүн негизинде жазылгандыгына карабастан, автор каармандарды окуялык эле эмес, психологизмдик да чыйырга салып аны жогорку деңгээлде ийгиликтүү чечип берүүгө жетишкендигин көрөбүз. Д.Казакбаевдин аталган чыгармасындагы дагы бир көзгө дароо урунган нерсе, «Эрегиш» аңгемесинде каармандардын образдары кандайдыр бир белгисиз ысымы жок бейтааныш адамдардын тегерегинде уюшулушу, бир чети О.Генрини тууроо болсо, экинчи чети кыргыз адабиятында жаңы теманын иштелиши эле.

Жазуучунун кийинки «Жышаан» (үчилтик) аттуу чакан чыгармасына кайрыла турган болсок, бул жерден негизги эки нерсеге күбө болобуз. Биринчиден, бул чыгармадагы окуя реалдуу турмуш эмес, т.а. Эрмат Осмонов деген сүрөтчү адамдын түшүнө кирген окуялардын тегерегинде

өнүгөт. Ошого байланыштуу бул чыгарманын сюжети абстракциялык окуялардын аркасында өнүгөт. Бул окуялар бири-бирине байланыштуу «Табылга», «Талкалануу» жана «Түш жоруу» деген бөлүмдөрдөн туруп, автор көрсөткөндөй, үчилтик чыгарма катары жазылган. Ошол эле учурда бул чыгарманын жанрдык маселелирине кайрыла турган болсок, «Жышаан» үчилтиги новелла жанрынын негизинде жазылгандыгын белгилөөгө болот. Албетте, бул чыгарманын өзү новелла жанрынын талаптарына толук түрдө жооп бербесе да, аңгеме жанры менен көп жагынан б.а., көлөмү, окуялык курулушу, сюжет түзүлүшү, композициялык элементтери ж.б. тарабынан тектеш, бирок кээ бир касиеттери боюнча айырмалуу да болушат. Алсак, новелланын аңгемеден болгон негизги өзгөчөлүгү чыгарма бири-бирине тыгыз байланышта турган чакан окуялардан турат.

Д.Казакбаевдин өзүнүн Улар үнү жыйнагындагы «Жышаан» чыгармасы новелла жанрынын жалпы элементтерин пайдаланган болсо, өзүнүн кезектеги «Жашоо кайрыктары» аттуу бир нече бөлүмдөн турган этюд негизинде жазылган чыгармасында новелланын жанрдык касиеттерин тереңирээк колдонуп, турмуштун түрдүү кайрыктарына ой жүгүртүп, ой толгоо жыйынтыктарын новелланын стилине салып аны окурмандын өздүк чечимине калтырат.

Д.Казакбаевдин 1984-жылы жарык көргөн Айдың-Көлдүн аккуусу аттуу повесттер жана аңгемелерден турган жыйнакка жазуучунун чыгармачылыгынын бышып чоң ийгиликтен жакшы кабар берген «Айдың-Көлдүн аккуусу» повесттин окурмандарга тартуулаган болчу. Жазуучу өзүнүн бул чыгармасы аркылуу чоң жазуучулардын катарына кошулуп, кыргыз адабиятына Толкун, Карыбай сыяктуу өспүрүм балдардын татынакай образдарын алып келген эле. Албетте бул мезгилдерде кыргыз адабиятында жеке эле повесттерде эмес, роман жанрында да мурда эле өспүрүм балдардын татынакай образдары жаратылып, ошол мезгилдеги совет элинин жалпы окурмандарына чейин кеңири таанылып калган учур болчу. Кыргыз адабиятындагы өспүрүм балдар темасына мына ушундай бийик талаптар коюлуп калган мезгилде Д.Казакбаевдин «Айдың-Көлдүн аккуусу» повести өз ордун, өз жүзүн тапкан чыгармалардан эле десек болот. Жазуучунун жалпы эле чыгармачылыгындагы мурун-кийинки ийгиликтеринин келечек багытын белгилөө даражасына көтөрүлгөн жазуучунун бул чыгармасы ар бир адамдын жашоо тагдырын тепчип өткөн өспүрүмдүк арую сезимдин деми аркылуу жаралгандыгынан кабар берет. Жазуучу өзүнүн бул чыгармасынын окуялык жүрүшүн сүрөттөөдө өзгөчө Ч.Айтматовдун чыгармаларында кеңири кездешип жүргөн автордук баяндоонун бөтөнчө формасын, б.а., «каармандык баяндоону» мисалы, Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Сейиттин баяны сыяктуу форманы колдонгондугун көрөбүз. Албетте, бул баяндоочу – каармандын ким экендиги окурмандарга бара-бара белгилүү болуп, кезегинде автор Толкун, Карыбайдын айланасында сүрөттөлгөн Артык, Шергазы, Үмөтбектин биринин образы экендигин түшүнүп, бардык окуяларга алар менен бирдей ой жүгүрткөн каармандын образына ээ болушат. Үстүртөн көп көзгө уруна бербеген мындай жагдайда, жазуучу автор катары өспүрүмдөрдүн балалык дүйнөсүнө ашыкча кийлигишпей, тескерисинче алардын ажайып арууулукка толгон, кыялкеч сезимдерине алардын бири аркылуу мамиле этип, өзүн баяндоочу катары да оолак кармап, бул милдетти ошол балалык дүйнөнүн чыныгы каарманына ыйгарат. Бул маселеге тереңирээк кайрыла турган болсок, Д.Казакбаев балдардын образын баланын көз карашы, сезими аркылуу жаратууга жетишип аны кезегинде ишенимдүү түрдө жүзөгө ашыргандыгы менен өзгөчөлөнө алган десек болот. Дегеле жазуучунун «Айдың-Көлдүн аккуусу» повестинин образдар түзүлүшүнүн, сюжет уюштуруунун, окуяларды чагылдырып берүүнүн бөтөнчөлүгүн дал ушул жогорудагы жагдайлары аркылуу белгилөөгө болор эле.

Жазуучу Д.Казакбаев өзүнүн «Айдың-Көлдүн аккуусу» повестинен кийин «Эки том жол», «Чак түштөгү азгырык», «Өрттөлгөн өмүр» сыяктуу бир катар чыгармаларды жарата алды. Жазуучунун кезектеги бул чыгармалары автордун адабий тематикалык алкагын кеңейтип, ал гана эмес «Өрттөлгөн өмүр» драма-повестти аркылуу кандайдыр бир деңгээлде жанрдык жактан да болгон изденүүлөрүнүн келечектүү багытын көрсөтүп берген эле.

Жыйынтыктап айтканда, Д.Казакбаев сыяктуу кең чабыттуу, арымдуу калемгердин адабий портретин мезгилдин өзү жаратып, мезгилдин өзү анын эң мыкты сынчысы экендигин белгилеп өтүү менен бирге, кыргыз элинин сүйүктүү жазуучусунун калеминен дагы бир топ мыкты чыгармалардын жаралары шексиз.

Адабияттар

1. Казакбаев Д. Мүдөө. Аңгемелер жана повесттер. –Ф., 1968.
2. Казакбаев Д. Талаа ырдайт. Аңгемелер. –Ф., 1972.

3. Казакбаев Д. Улар үнү. Повесть жана аңгемелер. –Ф., 1980.
4. Казакбаев Д. Айдын көлдүн ак куусу. –Ф., 1984.
5. Казакбаев Д. Өрттөлгөн өмүр: Драма – повесть. –Б., 2000.